УДК 371

Боталиева У.А.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

УЧУРДАГЫ ПЕДАГОГ ЖАНА АЙРЫМ АКТУАЛДУУ ТАЛАПТАР

Бул макалада азыркы мезгилдеги мугалимдин окуучуга жана өз ишине болгон сүйүүгө ээ болуусу, аны өзүнүн ишмердүүлүгүндө айкалыштыра алуусу, өзүнүн педагогикалык чеберчилиги аркылуу жаш муундарды окутуп-тарбиялоодо ага коюлуучу айрым педагогикалык талаптар чагылдырылды.

Бүгүнкү күндө өнүккөн мамлекеттерде интеллигенциянын бир кыйла көп бөлүгүн мугалимдик кесип түзөт, ал инженерлер менен врачтардын санынан 2 эседен ашык. Азыркы мугалимдин педагогикалык кесипке байыр алуусуна эмне түрткү берет? Америкалык психолог Ф.Герсберг өзүнүн изилдөөсүндө мугалимдин ишмердүүлүгүнүн чыныгы мотивдери эмгектин көп түрдүүлүгү, өз алдынчалык, кесиптик өнүгүү, иштин маани-маңызын аң-сезим менен туюу деп белгилеген.

Мугалимдик эмгектин баалуу өзгөчөлүгү болуп социалдык байланыштар: коллегалар, окуучулар, ата-энелер менен байланыштар эсептелет. Мугалимдин ишмердүүлүгүнүн кесиптик аныктамасы, анын кесиптик иш-аракетин баалоо тууралуу маселелер мурдатан эле психологдордун, педагогдордун, физиологдордун, адис-практиктердин арасында талаш-тартыш жана ар түрдүү көз караштарды жаратып келген. Маселен, психологдорду педагогикалык ишмердүүлүктүн ийгиликтүүлүгүнүн ички механизмдерин аныктоо кызыктырган. В.С.Мерлин, Е.И.Климова өз изилдөөлөрүндө кесиптик параметрлер биологиялык өзгөчөлүктөр менен, б.а., алардын темпераменти, нерв системасынын типтери менен байланыштуу экендигин көрсөтүшкөн.

Мугалимдердин мамилечилдигинин калыптануусу, токтоолугу же чапчаңдыгы, мугалимдин окуучулар менен пикирлешүү процессиндеги нормалдуу өз ара мамилелерди уюштуруу жана сактоонун ажырагыс касиети катары, нерв системасынын күчтүү-күчсүздүгү күнү бою өтүүчү педагогикалык ишмердүүлүктүн жемиштүү жана эффективдүүлүгүнүн зарыл касиети катары оң мааниге ээ жана педагогикалык кесипти тандоого түрткү берет.

Ошентип, мугалим – бул билим бере турган кесип эле эмес, ал инсанды жаратуучу, адамдын адамдыгын бекемдөөчү жогорку миссия. Педагогикалык кесиптеги жашоо – бул жан дүйнөнүн талыбаган эмгеги.

Кыргыз элинин мугалимдик кесипке коюлган талаптары тээ алмустакта эле калыптанып, ошону менен бирге улуттук өзгөчөлүктөрдү, көөнөрбөс акылмандуулукту жана чыгармачылыкты, жоопкерчиликти талап кылып келген жана ошол талаптар – келечектеги муундарга берилүүчү көөнөрбөс мурас.

Өткөн кылымдын 80-90-жылдарынан баштап биздин эле республикада эмес, дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө жаштардын билим алуу деңгелинде төмөндөө тенденциясы башталган эле. Биз азыр да андан арыла албай келе жатабыз. Орто мектептерди бүтүрүүчү окуучулардын жалпы билим деңгели төмөн. Жогорку окуу жайларында окуган студенттердин билимдери да суктанарлык денгээлде эмес.

Жаңы заман адамдын, инсандын жаңы тибин калыптандырууну талап кылууда. Кийинки мезгилдерде коомдук жашоо-турмушубузда олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат. Билим берүү системасын жаңылоо жана коомдун агымына карай жаңыча иш жүргүзүү учурдун талабына туура келет. Өзгөчө, жаштардын илим-билимге ээ болуш үчүн ар тараптуу аракеттердин жаралышына, ар кандай

кесиптер боюнча туура багыт алышына өз убагында көрүлүп жаткан камкордуктар көңүл жубатарлык. Демек, «аракеттен ийгилик жаралат» дегендей, билим берүү системасында окуу-тарбия процесстеринин сапатын өркүндөтүүгө тоскоол болгон бардык элементтерди четтетүү менен, окуучулардын ар тараптуу терең жана сапаттуу билим алышына кеңири шарт түзүүчү механизмди ишке киргизүүгө бардык тараптан аракет жасашыбыз керек.

Бүгүнкү күндө мугалим, окутуучу, чыгармачылык жана жаңылануу деген сөздөр жалпы эле окуу-тарбия процессинин ачкычы болуп калгандай. Анткени, мейли мектептерде болсун, же жогорку окуу жайларында болсун, билим берүүнүн сапаттуулугу, тереңдиги ошол эле мугалим менен окутуучулардын чыгармачылык иш-аракеттерине, усулдук жактан жаңылануусуна байланыштуу болот эмеспи.

Ошондуктан мектептердин жаңы типтерин түзүүдө, билим берүүнүн мазмунунун жаңы элементтерин, окутуунун жаңы технологияларын иштеп чыгууда жана киргизүүдө, мектептин илим менен байланышын бекемдөөдө, дүйнөлүк педагогикалык тажрыйбаларга кайрылууда, мектептердин өнүгүү механизминин булактары мугалимдин чыгармачылыгында, анын инновациялык иш-аракетинде экендиги көрүндү. Мугалим педагогикалык процесстин субьектиси катары агартуу системасындагы бардык кайра түзүүлөрдүн башкы аракет кылуучу жүзү болуп саналат.

Азыркы мезгилде билим берүүнү технологизациялоо проблемасынын актуалдуулугу ар түрдүү инновациялардын тез жайылышы менен түшүндүрүлөт, анын ичинде, бир жагында, жаңы педагогикалык технологиялар, бир жагында, педагогодордун аны менен толук камсыз болбогондугу турат.

Билим берүүнүн жаңыланышы бүгүнкү күндө педагогдордон азыркы мезгилдеги билим берүү системасындагы инновациялык өзгөрүүлөрдүн тенденцияларын билүүнү, окутуунун традициялык, өнүктүрүүчүлүк жана инсанга багытталган системаларынын айырмаларын билүүнү; окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун билүүнү; максат коюу, долбоорлоо жана диагностикалоо технологияларына ээ болууну; өзүнүн жеке стилин, ошондой эле өзүнүн педагогикалык иш аракетинде пайдаланып жаткан педагогикалык технологиялардын өзгөчөлүктөрүн жана эффективдүүлүгүн анализдөө жана баалоону билүүнү талап кылат.

Ата мекендик педагогикада мектептин мугалимине жана жогорку окуу жайынын окутуучусуна коюлган талаптар төмөндөгүдөй функцияларды камтыйт: изилдөө, долбоорлоо, конструкциялоо, уюштуруу, коммуникация.

Изилдөөчүлүк функция педагогду чыгармачылыкка, ар түрдүү илим булактарынан жаңы билимдерди таап чыгууга, логикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүн өркүндөтүүгө, жаңы педагогикалык маселелерди кое билүүгө багыттайт.

Долбоорлоо *функциясы* жогорудагы менен түздөн-түз байланышта. Ал педагогикалык ишмердүүлүктү пландаштыруу көндүмдөрүнүн болушун, билим берүү маселелерин чечүү методдорун таба билүүнү билдирет.

Конструкциялоо функциясы окутуу-тарбиялоо маалыматтарын тандоону ишке ашыруу билгичтигинде, жаңы педагогикалык технологияларды түзө билүүдө, жаштардын окуу дисциплиналарын үйрөнүү деңгелдерин көзөмөлдөөдө көрүнөт.

Уюштуруучулук функция педагогдо окуучунун психикалык абалын башкаруу, анын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн прогноздоо жана коррекциялоо

көндүмүнүн бар экендигин аныктайт.

Коммуникативдик функция педагогду окуучуларга катуу, бирок ак ниеттүү, ишеним көрсөтүү менен мамиле кылуу, ошондой эле билим берүү-тарбиялоо процессинде бирдиктүү моралдык жана психологиялык мейкиндик түзүүгө багыттайт.

Тарыхый-педагогикалык жана философиялык-педагогикалык изилдөөлөр мугалимдик кесиптин маанилүүлүгүн жана анын сапаттык мүнөздөмөсүн көрсөтүү менен, идеалдуу мугалимдин моделин жаратууга, «портретин» тартууга аракет кылат.

Идеалдуу мугалим – бул көрүнүктүү кесиптик тажрыйбасы бар, өз предметин жана аны окутуунун методикасын эң мыкты билген, методологиялык маданияттын жогорку деңгелине ээ, өз билимин дайыма өркүндөтүп турган, пикирлешүүдө бардык окуучулар менен бир калыпта жана адилет, эмпатиялуу, кандай гана педагогикалык ситуация болбосун, андан чыгуунун туура жолун таба билген, окуучуларды тарбиялоодо болобу, окутууда болобу, кандай кыйынчылык болсо да жеңе билген адам. «Идеал» – бул ар бир педагог умтулган үлгү, барып турган сонундук, максат, бул анын келечекке болгон проекциясы.

Ошентип, педагогикалык процессти ишке ашырууда уюштургуч, чыгармачыл, ишмердүүлүгүндө инсандык жана кесиптик сапаттарды айкалыштыра билген чыныгы чыгармачыл мугалимдер талап кылынары шексиз. Ошондуктан азыркы мезгилдеги мектептин мугалимдери жаш муундарды тарбиялоо, билим берүү, окутуу аркылуу ар тараптан гармониялуу өнүктүрүүнү эффективдүү иш жүзүнө ашыруу максатында төмөндөгү педагогикалык мазмундагы талаптарды аткарууга милдеттүүбүз.

Бардык окуучулардын окуганды каалоого умтулуусун жаратууну, керектүү натыйжага жетүүнү аларды сабакка кызыктырып тартуу аркылуу гана ишке ашыра алабыз. Тигил же бул предметке болгон кызыгуудан окутуучуга жана окууга болгон мамиленин өзгөрүшү тууралуу ойду Н.А.Добролюбов өз кезегинде эле айтып кеткен. Начар баалар жана окуучулук турмуштагы кыйынчылыктар окуучунун көңүлүн жана жашоого болгон кызыгуусун төмөндөтөт деп эсептеген. Натыйжада, бир өңчөйлүктү жана жашоонун «сур» мүнөзүн көтөрө албаган балдар жашоонун башка көрүнүшүнөн оптимисттик перспективаларды издей башташат. Мисалы, эч нерсеге шыгы жок, эч нерсеге кызыкпайт деп эсептелген, начар окуган, тартипсиз баланы дагы бир нерсеге кызыктырууга боло тургандыгы тууралуу мисалдар педагогикада аз эмес. Мына ушуга байланыштуу иш-чараларды уюштуруу, маселен, ар кандай кружокторго тартуу, бурчтарды уюштуруу, класс ичинде ар кандай тармактарда иш алып баруучу топторду уюштуруу (фото, сүрөт, кол өнөрчүлүк, жасалгалоочу, драма, ыр, бий, көркөм окуу ж.б.) иштерин колго алып, ар бир баланын шыгына, кызыгуусуна, шартына жараша иштерди бөлүштүрүп иш жүргүзсө болот.

Балдардын окууга болгон кызыгуусун жаратуу үчүн мугалим дайыма өз предмети боюнча болобу, искусство, адабият, кино, илим, музыка, саясат болобу, дегеле бардык жактан өзүнүн кругозорун байытып, б.а., өз билимин өзү дайыма жогорулатып туруусу зарыл. Бул тууралуу белгилүү педагог К.Д.Ушинский: «Мугалим өзү билим алып турганда гана ал мугалим болуп жашайт, качан ал билим албай калганда, андагы мугалимдик өлөт», - деп айткан. Бул жерде сөз анын билиминин көлөмүндө гана эмес, ал билимин башкаларга бере алуусу жөнүндө да болуп жаткандыгы айдан ачык көрүнөт.

Мындан тышкары, аң-сезимдүү окутуу дагы окуучулардын окууга болгон

кызыгуусунун негизги шарты экендиги педагогика илиминин тарыхында көптөгөн кылымдардан бери айтылып келүүдө. Ошондуктан окутуу процессинин жүрүшүнө окуучулардын аң-сезимдүү катышуусун камсыз кылуубуз керек. Ал үчүн ар бир педагог окуу процессин жүргүзүүдө жөн гана жаңы материалды түшүндүрбөстөн, ал материалды мүмкүн болушунча бардык окуучулар терең, өз алдынча ойлонуу менен кабыл алгандай педагогикалык кырдаалды түзүшү, окуучулардын алган билимдерин иш жүзүндө, практикада колдонууга үйрөтүүгө аракеттениши зарыл.

Окуучулардын билгендерин практика жүзүндө колдонууга, ар кандай тапшырмаларды аткарууга, маселелерди чечүүгө үйрөтүүдө өз алдынча изденип иштөө методу колдонулат. Балдардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын өнүктүрүү − бул мугалимдин эң негизги милдети. Ошондуктан мугалим − окуучунун жол көрсөткүчү болуп саналат. Өзүлөрү жасай ала турган жана жасоого милдеттүү иштерди алар үчүн мугалим жасабашы керек. Окуучулар мугалимден ар дайым көп жардам күтпөшүнө жетишүүгө болот, бирок ошол эле учурда мугалим аларга керек болгондо жардамга дайыма даяр экендигин сезгендей мамиледе болушубуз керек экендигин унутпайлы.

Педагогикалык процесстеги окуучулардын иш-аракетин уюштуруу дагы педагогдун негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Белгилүү педагог В.А.Сухомлинскийдин: «Эң коркунучтуу нерсе − бул партада отурган баланын күн сайын алты саатка созулуп, айларды, жылдарды уурдаган бекерчилиги. Бул адамды адамдыктан калтырат да, кийин буга өндүрүштүк бригада да, мектеп участогу да, мастерской да жардам бере албайт. Акыл-ой мээнеткечи боло турган жердеги жоготуунун ордун эч нерсе толтура албайт» − деп айтканын ар бир педагог жадынан чыгарбашы керек.

Албетте, адам активдүү иш-аракеттин натыйжасында өнүгөт. Бала биринчи класска киргенден баштап эле эмгектене баштайт. Мектепти бүткөнчө ал билимдүү, илимдүү болуп чыгууга аракеттенет. Мугалим балдардын иш-аракетин туура уюштуруп, белгилүү бир максатка багыттоосу керек. Бул учурда тарбиялоодо ар бир баланын психологиялык, социалдык ар кандай деңгээлине жараша каражаттарды колдонуу туура болот.

Балдардын мүмкүнчүлүктөрү, жөндөмдүүлүктөрү ар түрдүү. Ошондуктан мугалим аларды туура билип, туура баалап, ага жараша мамиле жасоосу зарыл. Окуучунун жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн, өнүгүүсүн, анын эмнеге кызыгарын, окууга, коомго, айлана-чөйрөгө карата көз карашын ж.б. изилдеп үйрөнүп, ошого жараша талаптарды кое билсек, ошондон кийин гана тарбиянын, окутуунун натыйжасы ийгиликтүү болорун камсыз кыла алабыз.

Ата-Мекенге болгон сүйүүгө тарбиялоо педагогиканын негизги, башкы принциби болуп эсептелет, аны сүйүүгө жана бакубат жашоого умтулуу − ар бир инсандын парзы. Инсанды атуулдук, гумандуулук сезимге үйрөтүү ар бир педагогдун милдети деп эсептейм жана ал өзү дагы окуучуларга үлгү болушу керек. Педагогдун үлгүлүү жүрүш-турушу ар бир окуучуга идеал болуп, алар ал мугалимдин жакшы сапаттарын өзүндө калыптандырууга умтулушат. Ошондуктан биздин артыбыздан ондогон көздөрдүн дайыма көзмөлдөп, байкап жүргөндүгүн ар дайым унутпашыбыз керек. Айрым учурда өзүбүздүн каталарыбызды сезип калсак, аны мойнубузга ала жана оңдой билишибиз абзел. Бүгүнкү жасаган каталарыңды эртеси оңдогонго аракет кылып, окуучулар астында эч качан өзүңдүн кемчилигиңди көрсөтпөгөнгө аракеттенүү керек. Бул сапатты ар бир педагог алып жүрүүсү зарыл.

Окутуу, тарбиялоо процесси көптөгөн кылымдар бою келе жаткандыгына карабастан, азыр ал мугалим үчүн да, үй-бүлө үчүн да оор. Учурдагы коомдун жашоосу өзгөргөн, оордогон сайын окутуу, тарбиялоо дагы оорлоодо. Анткени

баланы мугалим гана эмес, айлана-чөйрө дагы тарбиялайт. Азыркы мезгил маалыматтын кылымы экендигин тана албайбыз. Азыркы окуучу үчүн маалыматтын түрдүү булактары ачык: интернет, спутник антенналарына байланышкан теле каналдар, көзөмөлсүз сатыктагы аудио-видео кассеталар, ачыктан-ачык чыгып жаткан порнографиялык маалыматтарга орун берген газета, журналдар ж.б. Мына ушулардын натыйжасында алар керектүү маалыматтардан тышкары, керексиз маалыматтар менен да, пайдалуу маалыматтар менен катар эле, зыяндуу маалыматтар менен да кенен маалымдалышууда. Мына ушундай чөйрөдөгү керексиз, зыяндуу, терс көрүнүштөрдөн балдарды алаксытуу, коргоп калуу жалгыз мугалимдин көзөмөлү менен мүмкүн болбой калды. Бул жерде мектептен башка социалдык институттардын, үй-бүлөнүн таасирин күчөтүү, тарбия ишине аларды мурдагыдан да жакыныраак тартуу иши тургандыгын жашырууга болбойт.

Мугалимдик кесип - эң оор жана татаал кесиптердин бири. Ошол себептүү бул кесип инсандын жан дүйнөсүнө үңүп кирип, андан улам жаңы ачылыштарды ачуу менен, ал инсандын андан ары өнүгүшүнө түрткү берүүчү кыймылдаткыч күч болуп саналат. Мугалим абдан оор процессти башкарат, ал – инсандын негизделүүсү. «Тарбиялоо – бул улуу иш, анткени аны менен адамдын тагдыры чечилет», – деп В.Белинский айткандай, мугалимде эң чоң жоопкерчилик жатат.

Мугалимдик кесиптен нан табуу оңой иш эмес, бирок жогорку граждандык милдетти сезүү менен, өз кесибин тандап алган педагог жалпы элдик баалоого чындыгында татыктуу. Анын эмгеги тынчсызданууга жана толкундоолорго, кубанычка жана көңүл чөгүүлөргө, умтулууга жана изденүүлөргө жык толгон.

Коом өнүгүп турганда келечектеги жаш муундарды тарбиялап окутууда мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн, изденүүлөрүн, чеберчилигин өнүктүрүп, калыптандыруу бирден бир актуалдуу жана перспективдүү маселе бойдон кала берет.

Адабияттар:

1. Батурина Г.И., Кузина Т.Ф. Введение в педагогическую профессию. - М., 1998.
2. Сластенин В.А. Педагогика. - М., 1998.
3. Станкин М.И. Профессиональные способности педагога. - М., 1998.
4. «Шоокум» Илим, турмуш жана маданият журналы. Бишкек ш. 2008-2010жж.
5. «Билим шамы» газетасы. 2008-2009жж.